**Балыкчы шаардык Кеңешинин XXIX чакырылышынын XIII сессиясынын 2025-жылдын 27-августундагы №66 “Балыкчы шаарынын мэриясынын башкаруу схемасын бекитүү жөнүндө” токтомун жокко чыгарууга**

# НЕГИЗДЕМЕ КАТ

## 1. Долбоордун максаты жана милдеттери

Бул токтомду жокко чыгаруу максаты Балыкчы шаарынын мэриясынын алдындагы “Муниципалдык аймактык башкармалык” муниципалдык ишканасын жоюу иштерине багытталат.

## 2. Баяндама бөлүгү

Балыкчы шаардык Кеңешинин XXIX чакырылышынын XIII сессиясынын 2025-жылдын 27-августундагы №66 токтомунун негизинде Балыкчы шаарынын мэриясынын башкаруу схемасы бекитилген. Балыкчы шаарынын мэриясынын “Муниципалдык аймактык башкармалык” муниципалдык ишканасын жоюуга, Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 10-беренесинин негизинде токтомду жокко чыгаруу зарыл.

## 3. Болушу мүмкүн социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттер

Ушул токтомдун долбоорун кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

## 4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө маалымат

Кыргыз Республикасынын “Ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, Балыкчы шаардык Кеңешинин 2025-жылдын 27-августундагы “Балыкчы шаарынын мэриясынын башкаруу схемасын бекитүү жөнүндө” №66 токтомун жокко чыгарууга коомдук талкууну талап кылынбайт.

## 5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарынын ченемдерине, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

**6. Каржылоо зарылдыгы жөнүндө маалымат**

Ушул токтом долбоорун кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык сарптоолорго алып келбейт.

**7. Регулятивдик таасир берүүнү талдоо жөнүндө маалымат**

Сунушталган токтомдун долбоору регулятивдик таасирине талдоо жүргүзүүнү талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Мэрдин орун басары** **Н.Т.Турсунбеков**